# ОШ БАЙЫРКЫ КОЛ ЖАЗМАЛАРДА

Китаб Масалик ал Мамалик Ал-Истахри

Абу Исхак Ибрагим ибн Мухаммед ал - Истахринин "Китаб масалик ал - мамалик" ("Мамлекеттердин жолдору китеби") аттуу Х кылымдын башында жазылган китеби Жер Ортолук Деңизинен баштап бүтүндөй Орто Азиянын географиялык абалын баяндаган, эң бир баалуу маалыматтарды берген эмгек болуп саналат. Истахри өзүнүн бул эмгегине 920-жылы жазылган Абу Зайда Балхинин географиялык эмгегин негиз кылып алган да аны өзү кыдырып өз көзү менен көргөн-билген баалуу маалыматтар аркылуу толуктаган. Истахри өзүнүн алдына мусулман мамлекеттери жөнүндө изилдөөнү максат кылат да 20дан ашык географиялык облустар жөнүндө маалымат берип, алардын чек арасы, шаарлары, дарыялары тууралуу, ошондой эле ар биринин ортосундагы аралыктары жөнүндө жазып кетет.

Бул китеп 930-933-жылдары жазылган жана анын бул китебинде Ош шаары тууралуу жазылган айрым үзүндүлөрдү төмөндө келтирмекчибиз:

"Фергана-облустун аталышы, анын башкы шаары - Аксыкент, ал Шаш (Сырдарыя) дарыясынын жээгинде. Шаарды дубал ороп турат, анын сыртында рабады бар, аны башка дагы бир дубал орогон. Мындан кийин дагы бир чоңдугу жагынан Ошуга жакын шаар - Кува. Ал бардык шаарлардан жагымдуу. Шаар ичинде чеп, анын дарбазасы, мечити жана базары бар.

Андан кийин Ош шаары келет. Ал дубалдар менен курчалган абдан жандуу шаар. Шаардын ичинде чеп, эмирдин сарайы бар. Шаар түрктөргө көз салып турган кароолканасы бар, ал тоого жөлөнө салынган.

Узгент-эгерде согуш облустарына (мусулман эмес) карай барсаң Фергана өрөөнүнүн эң акыркы шаары. Анын дубалы, дарбазасы, чеби, аккан таза суулары, бактары бар" ...

xxx

"Коженттен Кентке чейин бир күндүк жол (один переход) Кенттен Сохто чейин - бир күндүк жол. Сохтон Риштанга чейин - бир күндүк жол, Зендерамшадан Кувага чейин - бир күндүк жол, Кубадан Ошко чейин - бир күндөн ашыгыраак жол, Оштон Узгендгө чейин - дагы бир күндөн ашыгыраак жол. Феребрадан Узгендге чейинки түз жол ушул, а бул Мавереннахрдын түгөнүшү".

xxx

"Оштон Медвага (Мады) чейин эки фарсах жол, Ванкеттен Хайламга чейин - үч, Хайламдан Селатка чейин жети фарсах жол. Селат менен Бискенде мечит жок, бирок булар чек ара шаарлары болгондуктан биз аны эскерип атап өттүк"

xxx

"Ош чоңдугу жагынан Кувага барабар. Шахристаны жана кухендизи абдан жасалгаланган. Кухендизде эмирдин сарайы жана түрмөсү бар. Шахристандын рабаты бар. Рабат дубал менен курчалган да ал кароолчулар коюлган тоого барып такалат.

8-бет→

# ОШ БАЙЫРКЫ КОЛ ЖАЗМАЛАРДА

→ 7-бет

Алар түркестан аскерлеринин кыймылына көз салып турушат. Оштун үч дарбазасы бар: Дарбаза - йи Кух, Дарбаза - йи Аб, Дарбаза - йи Мугкеде".

ххх

"Оштун чек арасына жакын дагы бир шаар бар - ал Медва (Мады) деп алат. Узгенд - шаардын аталышы жана бул аймакта Узгенден башка шаар жок".

ххх

"Шач дарыясы (Сыр-Дарыяны айтып жатат) аркылуу Фергана, Усрушан жана башка облустардан кеме менен бул тарапка эгин тартып келишет. Дарыя абдан чоң. Анын негизги өзөгү Узгенддин чек арасы болгон Туркестандан башталат. Ага Курсаб (Куршаб), Урест менен Кува, Жидгил жана башка суулар кошулганда зор бир агым пайда болот да Аксыкетти көздөй агып, Ходжентге, андан Бенакет, Сюткенд жана Парабга агып жетет. Дарыя Сабрандын чегинен өткөндөн кийин анын эки тарабында гуздардын айылы. Бул дарыя Джейхунга караганда эки эсе чоңдук кылат. Аны менен гуздар тынчтыкта жашап турушса, аларга эгин ташып келип турушат".

ххх

"Асбара - тоолордун арасындагы түздүктө жатат. Анын шаарлары: Тамахус, Бамкахус, Сох - өзүнчө жаткан шаар. Аувал - бул шаардын аты жана жанында бүтүндөй облус.

"Оштун чек арасына жакын дагы бир шаар бар - ал Медва (Мады) деп аталат. Узгенд - шаардын аты

башка шаар жок".

ххх

"Оштон Медвага чейин - эки фарсах жол, Ванкеттен Хайламга чейин үч, Хайламдан Селатка чейин-жети фарсанг жол. Шелат менен Астиакенде биз жогоруда белгилегендей анын ар бири динге ишенбегендер менен чектешип тургандыктан башка шаары жок".

кн. "Материалы по истории киргизов и Киргизии". Москва. 1973. Том 1. Стр. 20, 21-23.

## "ХУДУД АЛ - АЛАМ" КИТЕБИНЕН АЙРЫМ КОТОРМОЛОР

Автордун аты бизге белгисиз "Китаб Худуд ал-алам мен ал Машрик ила-л- Магриб" (Чыгыштан батышка созулган дүйнөнүн чек аралары тууралуу китаб") мусулман жыл эсеби боюнча-372-жылы, башкача айтканда 982-983-жылдары Самахид васалдарынын бири Гузгөн облустунун князы Абдул-Харис Мухаммад ибн Ахмадга арналып жазылган. Автор өзү түшүнүк бергендей, бул географиялык эмгектин негизги максаты ага белгилүү болгон дүйнөнүн элдүү бөлүгү тууралуу көрүнүштү жалпы жолунан чагылдырып берүү болгон.Бул эмгектин эң бир баалуу бөлүгү болуп Орто Азиянын жана ага жамаатташ жаткан Иран,Түндүк Афганистандын райондору жөнүндөгү жазылган маалыматтар болуп эсептелет.Ошону менен бирге азыркы Кыргыз Республикасынын территориясына,анда жашаган кыргыз эли,анын шаарлары, көлдөрү, дарыялары жана жолдору жөнүндөгү маалыматтарды кезиктиребиз.Ал эми Ош шаары жана ага чектеш жаткан,кошуна турган облустар тууралуу да аз эмес баяндарды учуратабыз.

## МАВЕРЕННАХР ОБЛУСТУ ЖАНА АНЫН ШААРЛАРЫ ТУУРАЛУУ СӨЗ

"Фергана-эң гүлдөгөн, аймагы чоң, жаан-чачындуу облус.Анын тоолору, талаалары, шаарлары жана агын суулары көп.Тоолорунда алтын,күмүш, жез,коргошун,нашатыр,сымап кендери,күйүүчү таштары, магнит таштары жана көптөгөн дары-дармек өсүмдүктөрү бар. Дары-дармекти жер-жемиштеринен укмуштай пайдалуу дарыларды жасашат"...

"Ош—элдүү аймак жана бай жер,жашоочулары эр жүрөк келишет,ал тоонун бооруна орношкон, ал тоонун чокусунда кароолго коюлган посттору көп, алар кафыр-түрктөргө байкоо салып турушат"...

КН. "Материалы по истории киргизов и Киргизии". Том 1, Москва 1973. Стр. 35, 39, 41, 43, 45.